DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 6, 2021

*Акматалиев А.Т.*

# ИНСАНДЫН РУХАНИЙ-АДЕП-АХЛАКТЫК АҢ -СЕЗИМИНИН КАЛЫПТАНУУСУ

*Акматалиев А.Т.*

# ФОРМИРОВАНИЕ ДУХОВНО-НРАВСТВЕННОГО СОЗНАНИЯ ЛИЧНОСТИ

*A. Akmataliev*

# FORMATION OF THE SPIRITUAL AND MORAL CONSCIOUSNESS OF THE INDIVIDUAL

*УДК: 930.1 (575.2) (04)*

*Аталган макала инсандын руханий-адеп-ахлактык дүйнөсүнүн калыптануусунун факторлорун жана зарыл шарттарын талдоого алууга арналган. Руханий-адеп-ахлактык аң-сезимдин негизги белгилери каралып, азыркы мезгилдин руханий-адеп-ахлактык кырдаалына жана рухтун төмөндөө булактарына мүнөздөмө берилет, андан тышкары анда айтылгандай, адам бардык жагынан потенциалдуу түрдө руханийлүү, анда бардыгы руханий башталыш менен байланышкан, андыктан инсандын руханийлиги кандайдыр-бир өзгөчө психофизикалык алдындагы жашоо эмес, алып жүрүүчүсү катары психикалык жана денелик чөйрөлөр болуп саналган адамдын негизги жашоосунун өзү. Өзүнүн руханий болмушунда алынган «инсан» түшүнүгүндө аталган өз ара байланыштын өзүнө маани берилет. Тышкы материалдык турмушту өркүндөтүүгө, ченем жана акыйкаттуулук сезимин берүүчү уяттын ички буйруктарын угуу менен гана аз чектелүүлүкө ээ кылат. Ошондуктан адамдын руханийлигин тышкы жана ички дүйнөнүн гармониясы катары кароого болот.*

***Негизги сөздөр**: инсан, руханий адеп-ахлактуулук, аң-сезим, руханийлик, трансформация, баалуулук, жакшылык, жамандык, эркиндик, цивилизация.*

*Данная статья посвящена анализу факторов и необходимых условий становления духовно-нравственного мира личности. Рассматриваются основные признаки духовно-развитого сознания, дается характеристика духовно-нравственной ситуации современности и истоков падения духа, а также в ней говорится о том, что потенциально человек во всем духовен, в нем все соотнесено с духовным началом, при этом духовность личности не какаято особая надпсихофизическая жизнь, а сама основная жизнь человека, проводником которой являются психическая и телесная сферы. В понятии «личность», взятом в своем духовном бытии, осмысливается именно эта взаизаимосвязь. Внешнюю материальную жизнь можно совершенствовать, делать менее ограниченной только прислушиваясь к внутренним велениям совести, задающей чувство меры и справедливости. Поэтому духовность человека можно рассматривать как гармонию внешнего и внутреннего мира. Внутренний мир нуждается во внешнем мире, а внешний мир нуждается во внутреннем мире. Таким образом, начало духовности – это начало целостности человека.*

***Ключевые слова**: личность, духованая нравственность, сознание, духовность, трансформация, ценность, добро, зло, свобода, цивилизация.*

*This article is devoted to the analysis of the factors and necessary conditions for the formation of the spiritual and moral world of the individual. The main signs of a spiritually developed consciousness are considered, the characteristics of the spiritual and moral situation of modernity and the origins of the downfall of the spirit are given, and it also says that potentially a person is spiritual in everything, everything in him is correlated with the spiritual principle, while the spirituality of a person is not some special over-psychophysical life, but the very basic life of a person, the conductor of which is the mental and bodily spheres. In the concept of "personality", taken in its spiritual being, this interrelation is comprehended. External material life can be improved, made less limited only by listening to the inner dictates of conscience, which sets a sense of proportion and justice. Therefore, human spirituality can be considered as the harmony of the external and internal world. The inner world needs the outer world, and the outer world needs the inner world. Thus, the beginning of spirituality is the beginning of the integrity of man.*

***Key words**: personality, spiritual morality, consciousness, spirituality, transformation, value, good, evil, freedom, civilization.*

Руханийлик өзүнүн терендигине жана узактыгына ээ болгон өзгөчө бир мейкиндик болуп саналат, андан чыгып кетүү адам үчүн кризистик кырдаалды жаратары шексиз. Бул көрүнүш жакшылык жана жамандык, акыйкаттуулук жана акыйкатсыздык критерийлеринин трансформациясы менен жаралган руханий баалуулуктардын девальвациясы болуп жаткан жалпы дүйнөлүк жана кыргызстандык реалдуулук менен тастыкталат. Ошондуктан руханий адеп-ахлактык өсүүнүн спецификасы менен коллизияларын изилдөө бүгүнкү күнү өзгөчө актуалдуу болуп саналат.

Адамдагы руханийлик – индивиддин өзүнө, башкаларга, коомго, табиятка болгон карым-катнаштарынын өзгөчө модели. Руханийлик – бул Чындык, Жакшылык, Сулуулук сыяктуу баалуулактарга негизделген, индивиддин дүйнөдөгү толук кандуу, гармониялуу болмушунун зарыл шарты болуп саналат. Руханий өсүү качан адам «агымга каршы сүзбөстөн» чыгармачылык иш-аракет жасап, активдүү турмуштук позицияны ээлегенде жана анын аң-сезими жана жүрүм-туруму өзүн жана реалдуу дүйнөнү позитивдүү кайра түзүүгө багытталганда гана мүмкүн болот. Мындай идея ойчул руханийлик концепциясына каршы келет, ал күрөштөн четтетүү позициясы, инсандын чыгармачылык жаратуучулук активдүүлүгүн бүтүндөй элестетүү тегиздигине которууга умтулуу

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



менен байланышкан. Бирок бул жерде мындай бир суроо туулат: мындай пассивдүү ой жүгүртүүчү руханийлик руханийсиздиктен эмнеси менен айырмаланат? Эгерде индивид жардамга муктаж болсо, анын жанында турган адам толук кайдыгерликтен же кандайдыр бир иш-аракеттерди жасоодон, ал чындап боору ооругандан эч кандай майнап чыкпай тургандыгын билим туруп жардам бербесе ага кандай айырмасы бар. Эгерде ал эч көрүнбөсө дүйнөгө карата болгон көз карашы туурасыда кантип айтууга болот? Инсандын дүйнө карым-катнаштарынын мазмуну туурасындагы ишенимдүү ой жүгүртүүсүн берүү үчүн ал иш-аракеттерде көрүнүп, жүрүм-турумда (адеп-ахлактык же адеп-ахлаксыздык) жүзөгө ашырылышы керек. Инсандын руханийлиги дүйнөгө карай болгон ачыктыгын, жакынкы жана алыскы ааламдагы окуяларды жүрүшүнө тийгизген таасирин аныктоочу мүмкүнчүлүктөр менен кырдаалдарды эске алууну билдирет.

Руханийликтин көрүнүшү болуп, демек, инсандык иш-аракет эсептелет. Инсандын мазмундук аныктамасы катары адамдын жүрүм-турумунда эмпирикалык жактан эч кандай шарттуу негиздерди (аталган маданиятта, моралда, укукта ушундай кабыл алынган деп айтууга болбойт) бөлүп көрсөтүүгө болбостугу эсептелет. Инсандык структуралар субстанционалдуу болушуп, тарбиянын, маданияттын жана адептердин мүмкүнчүлүктөрүнө эмес, адамзат тукумуна таандык. Мындай өнүттө Н.О. Лосский төмөндөгүчө белгилейт: «Мен эн жогорку нормативдик идеясы боюнча мейкиндиктик жана убакыттык субстанционалдык, таптакыр өз алдынча ишмермин..ал өзүнүн көрүнүштөрүн эркин жаратып, башка ишмерлер менен бирдикте өзүнүн руханий, жандык жана денелик турмушун түзүп, окуяларга анын убактылуу же мейкиндиктик формасын берет» [1, 283-б.]. Н.О. Лосский инсанды мистикалык туюм менен жетүүчү жогорку сапаттагы күчтүн алып жүрүүчүсү катары аныктаган. Д.В. Пивоваров өзүнүн «Рух, жан жана адамзат жашоосунун манызы» аттуу эмгегинде жан, рух, руханийлик түшүнүктөрүнө терен талдоо жүргүзүп, жыйынтык чыгарат: «Жан-дене менен рухтун ортомчусу, ал дайыма конкреттүү дене, жекелик же жалпылык (дүйнөлүк жан) менен байланышкан. Рух өзүнүн жүзөгө ашырылуусунан эркин болуп, бардык жерде бар. Рух жеткиленсиз жана чектелүү, ал денени тейлөөгө же рухта болуусуна багытталган. Рух болмуш, ал эми жан – экзистенция катары түшүндүрүлөт. Руханийлик жандын рухка, түбөлүктүүлүкө жана эркиндике болгон тартылуусу, адамдын өзүнүн руханий жөндөмдүүлүктөрүн өркүндөтүүгө болгон аракети» [2, 88-б.].

Адамды жогорку аң-сезимдүү феноменге таандык кылуу менен Н.А. Бердяев белгилегендей, руханий жашоо «жандык жана денелик жашоого таптакыр карама-каршы келбейт, аны четке какпайт, алардын болмуштун башка планына кирүүсүн, жогорку сапаттуулука ээ болуусун, бийиктике болгон кыймылын билдирет» [3, 37-б.].

Философиялык антропологиянын көз карашында, жогорку жекеликтеги тамырлашуу инсанга жекелик мүнөздү берет. Бул жерде жекелик кам көрүүнүн предмети боло албайт, ал жогорку жекелике болгон иш-аракеттердин натыйжасы, үзүрү. Б.П. Вышеславцев «руханий аң-сезим, ой жүгүртүүчү Мен» адамдын иерархиялык структурасынын жетинчи баскычын бөлүп көрсөтүү менен «түшүнүксүз Кудай эле эмес, түшүнүксүз адам да бар, өзүнүн ошол кудай сымал түшүнксүз теренинде адам Кудай менен жүрөктүн теренинде кездешет» [4, 285-б.]. «Өзүндү өзүн таанып бил – бул абсолюттуу осуят, индивиддин кээ бир жөндөмдүүлүктөрүнө, мүнөзүнө, жакындыгына жана чабалдыгына багытталган өздүк тааным маанисине ээ эмес, бирок адамдагы, өзүндөгү жана өзү үчүн нукуралыкты таанып билүү мааниси – рух катары өзүнүн манызын таанып билүү» [5, 6-б.].

Биз көрүп тургандай, руханийлик түшүнүгүндө, адамдагы руханий-адеп-ахлактыкты таанып билүүдө жана калыптануусунда вертикалдуу идеясы, адамзат манызынын төмөндөн жогору карай болгон ички кыймылы берилген. Алсак, инсандар аралык баарлашуунун чыналуусу (С.С. Аверинцевдин концепциясы боюнча) адам качан өзүндөгү руханий жалкоолукту, көнүл коштукту багындырганда, аң-сезим менен башка инсандын маанилүүлүгү жана баалуулугу менен сүнгүп кирүү менен гана гана мүмкүн болгон баарлашуудагы жөндөмдүүлүктү билдирет. Инсандын жогорку баалуулуктар дүйнөсүнө сүнгүп кирүүсү автоматтык түрдө болбойт, анткени ал инсандын өзүнүн үстүнөн болгон чыналуудагы иштеринин процесси жана натыйжасы. Руханийликтин белгиси, М.Ф. Калашниковдун көз карашында, - инсандын гуманистик принциптерин жүзөгө ашырууга болгон багыттары. Ал руханийликти акыл-эс менен чагылдырылган позитивдик, гуманистик багыттагы сезимдердин жогорку көрүнүшкө болгон тенденцияларын, андан тышкары иш-аракетерге эрк аркылуу уруктандырылган идеалдардын, этикалык, эстетикалык, гуманистик принциптердин жыйындысы катары мүнөздөйт» [6, 82-б.].

Вертикалдуулук идеясы С.Б. Крымскийдин концепциясынын негизинде жатат: «Руханийлик, автордун пикиринде, - дайыма адамдын өзүн-өзү түзүүсүнүн принциби, жогорку баалуулук инстанцияларга чыгуучу, табигый жол менен жасоого мүмкүн болбогон нерсени жасоого чакырык катары кызмат кылып

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



келген. Руханийлик – бул тышкы болмуштун универсумун этикалык негизде инсандын ички дүйнөсүнө которуу, дайыма алмашып туруучу кырдаалдардын алдындагы катаал көз карандылыктан болгон эркиндиги жүзөгө ашырылуучу ички дүйнөсүн түзүү жөндөмдүүлүгү» [7, 23-б.].

Демек, руханий-адеп-ахлактык өнүгүү өзүнө жогору жака умтулуунун «энергетикалык», «интенционалдуу» аспектисин камтып турат. Бул инсандын өздүк шайкештигинин мүмкүнчүлүктөрүнөн алдыга озуучу аң-сезимдин ички горизонтунун кенейүү абалы. Мындай алкактагы В.И. Стрелковдун белгилөөсү боюнча: «руханий аң-сезим жеке кыймылга келүүчү өздүк аң-сезим же башкача айтканда, кенири жайылуучу, болуучу, субъективдүү болмуш катары саналат» [8, 200-201-б.]. Биз көрүп тургандай, автор бул жерде жеке субъекттин денгээлиндеги руханийликтин калыптануусун талдоого алат, бирок андан ары ал субъект менен дүйнөнүн кезигишүүсү туурасындагы түшүнүктү киргизет» [8, 201-б.].

Адеп-ахлактык жашоонун парадоксалдуулугу ошол эле мезгилде анын элементине адаттагы жакшылык менен жамандык категориясына кирбеген трагедиялуулуктун кирүүсү менен байланышкан. «Трагедиялуулук адеп-ахлактык мааниде – бул күнөөсүздүк, ал жамандыктын натыйжасы эмес» - деп айткан Н.А. Бердяев [3, 44-б.].

В.И. Иванов эпикалык менен катар руханий жашоонун трагедиялык түзүлүшүн бөлүп көрсөткөн. Трагедиялуулук күнүмдүк жашоо-турмушта, ереже катары тышкы эмес, ички мүнөзгө ээ. Эпикалык адам тагдырдын соккусуна дуушар болуу менен өзүнүн абалын трагедиялуу катары жарым-жартылай андап билбейт, бирок ал абдан эле бактысыз болот. Анын руху антиномиялуу. Бир сырдуу добуш жашоодо «ооба» деп, аны кабыл алат, ал эми экинчиси «жок» деп шыбырайт» [9, 373-374].

Аң-сезими, өзүнүн табиятын агартуу үчүн жеткиликтүү эмес болгон бүтүндүкө инсан бактысыздык жана бардык кыйынчылыктар аркылуу өтүп, жогорку жакшылыка жамандыктын тажрыйбасы аркылуу барат. Я.Бемeнин пикиринде, өзүн ачып берүү үчүн болгон бардык башталыш ага карамакаршы келип, каршылык көрсөтүүчү башталышты билдирет. Жарык карангылыкты билдирет. Иррационалдыксыз рационалдуу башталыш жок. Андыктан, Н.А. Бердяев белгилегендей, «адамдын адеп-ахлактык аң-сезими жамандык менен эле эмес, жаман, бурмаланган жакшылык менен да тосулуп калган. Адеп-ахлактык тазалануу жана кайра жаралуу адеп-ахлактык ой жүгүртүүлөрдүн баштапкы абалга ээ болуусу. Адеп-ахлактуулук жашоо-турмуштун парадоксалдуулугу, трагедиялуулугу, татаалдыгы жаман нерселер болуп жамандык жана жамандар эле эмес, жакшылык менен жакшылар да болушунда турат» [3, 44-б.]. Биз жакшылык жана жамандык категорияларында айланып жүрүүгө байланган дүйнөдө жашайбыз, биздин ой жүгүртүүбүз чексиз багындырылгыс парадокстордо турат. Адам радикалдуу түрдө жамандыкты болмуш эмес катары четке кагууга жана анын он тараптуу маанисин таанууга мажбур болот, анткени ал өзүн багындуруу үчүн жогорку чыгармачылык күчтү чакырат. Жамандыктын эркиндиги бул жакшылык, жамандыктын эркиндигисиз жакшылыктын эркиндиги б.а. жакшылык да болмок эмес, Жамандыктын мүмкүнчүлүгү - бул жакшылыктын шарты. Жамандыка мажбурлоочулук менен жол бербөө жана аны күч колдонуу менен жоготуу чон жамандык болуп калат. Жакшылык дагы жамандыка оной эле айланып кетет [3, 51-б.]. Биз жамандыктын же жакшылыктын кулу болуп калабыз. Качан жамандыктарды жоготууну каалашканда «жакшылыктар «жамандар» тарабынан жасалат. Бул жерде жакшылык менен жамандыкты таанып билүүнүн ачуу натыйжасы турат. Бирок, этикалык трагедия баарынан мурда, «жакшылык» «жамандыкты» жене албай тургандыгында турат. Мыйзам менен норманын этикасынын чеги ушунда турат. Бирок, «жакшылык» мыйзам менен норма аркылуу «жамандыкты» женүүнүн башка ыкмасын билбейт [3, 52-б.].

Белгилей кетүүчү нерсе, руханийлик адамга маанызсыздыктан жогору көтөрүлүүгө шарт түзгөн таяныч чекитин берет. Адам – рухтун алып жүрүүчүсү, өзүн жана ааламды багындырган жандык. «Адамзаттын кулагы катары жалганды укпаса, эгерде гармонияны сезбесе, ойлом кандайдыр-бир мааниманыз менен жарыктандырылбаса маанызсыздыкты андап биле албайт» [10, 182-б.]. Бир жагынан, адамдын руханий кулчулугу, анын кулашынын туюгуюктугу, экинчи жагынан башка, мыкты жашоого болгон ички чакырык, өзү жана башкалар үчүн уялуу далилдеп тургандай, адамда аны кулоодон жогору көтөрүп турган кандайдыр-бир нерсе бар. Эгерде адам жыгылуучу жандык болсо, Н.А. Бердяевдин пикиринде, эгерде ал агы алгач таандык болгон баштапкы эркиндике карабастан кулаган болсо, анда ал жогорку, эркин рух экендигин түшүндүрөт. Адам бийиктиктен кулады жана ал бийиктике көтөрүлө алат [3, 51-б.].

Н.А. Бердяев рухтун генезисинде үч этапты бөлүп көрсөтөт – баштапкы стихия, бейиштик, эркиндик менен рефлексияны башынан өткөрбөгөн аң-сезимдике чейинки бүтүндүк; көбөйүү, рефлексия, баа берүү, тандоо эркиндиги; жогорку аң-сезимдик бүтүндүк, эркиндик, рефлексия жана баа берүүдөн кийинки толуктук. Бул, албетте идеалдуу ыраттуулук жана аталган этаптарды таптакыр эле хронологиялык катары түшүнүүгө болбойт [3, 50-б.].

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Анын көз карашында, адеп-ахлактык акт, баарынан мурда, руханий келип чыгуунун руханий жана адеп-ахлактык баштапкы феномени. Коом адеп-ахлактык баа берүүгө тийиштүү, бирок ал адеп-ахлактык баа берүүнүн булагы боло албайт. Социалдык келип чыгууга, социалдык санкцияга адептер ээ болот, алар болсо адеп-ахлактык феномен эмес [3, 65-б.]. Андыктан, инсан аларды өздөштүрө алат жана кандайдыр-бир учурда «Менде» маданият менен коомдун чектеринде ыйгарылган гана башка маани-маныздар болуп, жеке маани-маныз жок болуп калат. Бирок инсандын руханий дүйнөсү сонуна чыккан реалдуулук эмес, ал дайыма болуп туруучу реалдуулук. Инсандын сыры актуалдуу сонуна чыкпагандыгында, анын өзүн-өзү андап билүү, өзүнөн жогору көтөрүлүү жөндөмдүүлүгүндө ж.б. турат. Руханий өздүк аныктоо абалы – жекелештирүү. Руханий көз караштан алып караганда – бул адамды анын уникалдуулугуна жана кайталангыстыгына алып келүүчү процесс. Руханий жашоону жекелештирүү – өз алдынчалуулугун ачыка чыгаруу.

Макаланын сонунда белгилей кетүүчү нерсе, адам бардык жагынан потенциалдуу түрдө руханийлүү, анда бардыгы руханий башталыш менен байланышкан, андыктан инсандын руханийлиги кандайдыр-бир өзгөчө психофизикалык алдындагы жашоо эмес, алып жүрүүчүсү катары психикалык жана денелик чөйрөлөр болуп саналган адамдын негизги жашоосунун өзү. Өзүнүн руханий болмушунда алынган «инсан» түшүнүгүндө аталган өз ара байланыштын өзүнө маани берилет. Тышкы материалдык турмушту өркүндөтүүгө, ченем жана акыйкаттуулук сезимин берүүчү уяттын ички буйруктарын угуу менен гана аз чектелүүлүкө ээ кылат. Ошондуктан адамдын руханийлигин тышкы жана ички дүйнөнүн гармониясы катары кароого болот. Ички дүйнө тышкы дүйнөгө, ал эми тышкы дүйнө ички дүйнөгө муктаж. Ошентип, руханийликтин башталышы – бул адамдын бүтүндүгүнүн башталышы.

**Адабияттар:**


1. Лосский Н.О. Человеческое Я как предмет мистической интуиции // Лосский Н.О. Чувственная, интеллектуальная и мистическая интуиция. - М.: «Республика», 1995. – 400 с.
2. Пивоваров Д.В. Дух, душа и смысл жизни человека: (Философия религии). –Екатеринбург: УрГУ, 1993. – 90 с.
3. Бердяев Н.А. О назначении человека. – М., 1993. – 383 с.
4. Вышеславцев Б.П. Этика преображенного эроса. - М., 1994.
5. Гегель Г.Ф. Философия духа // Гегель Г.Ф. Энциклопедия философских наук: в 3-х тт. - М., 1977. – Т.3. – 472 с.
6. Калашников М.Ф. Духовность как социальное явление. / Новые идеи в философии / Перм. ун., 1996. В.5. - С. 80-89.
7. Крымский С.Б. Контуры духовности: новые контексты идентификации // Вопросы философии. - 1992. - №12. - С. 21-28.
8. Стрелков В.И. Духовность и творчество / Стрелков В.И. / Человек как философская проблема: Восток-Запад. - М., 1991. - С. 200-203.
9. Иванов В.И. Родное и вселенское. – М., 1994. - 427 с.
10. Мунье Э. Манифест персонализма. - М., 1999. - 558 с.
11. Субанбекова М.Ш. Сознание как философская проблема. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2017. №. 3. С. 215-217.
12. Доромбекова А.О. Общественное сознание в контексте формирования национальных интересов. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2016. №. 3. С. 100-102
13. Нишанбаева М.А. Нравственность как основная ступень в образовании и духовное богатство. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2019. №. 4. С. 90-92.
14. Шарипова Р.З., Колбаева З. Место образования, религии и нравственных ценностей в духовном воспитании личности в условиях глобализации. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2021. №. 5. С. 84-87.